**КЫРГЫЗ ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ**

# ЧҮЙ ОЙДУҢУНУН ЧЫГЫШ ЖАГЫНДАГЫ КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН КОРГОЛУУ ДАРАЖАСЫН АНЫКТОО ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

**(МАГИСТЕРДИК ИШ)**

**Жанарбек ИЗАКОВ**

**БИШКЕК 2010**

**КЫРГЫЗ ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ**

# ЧҮЙ ОЙДУҢУНУН ЧЫГЫШ ЖАГЫНДАГЫ КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН КОРГОЛУУ ДАРАЖАСЫН АНЫКТОО ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

**(МАГИСТЕРДИК ИШ)**

**Жанарбек ИЗАКОВ**

**БИШКЕК 2010**

ЧҮЙ ОЙДУҢУНУН ЧЫГЫШ ЖАГЫНДАГЫ КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН КОРГОЛУУ ДАРАЖАСЫН АНЫКТОО ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО
(МАГИСТЕРДИК ИШ)
Жанарбек ИЗАКОВ
БИШКЕК 2010

**КЫРГЫЗ ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ**

# ЧҮЙ ОЙДУҢУНУН ЧЫГЫШ ЖАГЫНДАГЫ КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН КОРГОЛУУ ДАРАЖАСЫН АНЫКТОО ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

**(МАГИСТЕРДИК ИШ)**

**Жанарбек ИЗАКОВ**

**Жетекчи**

**Проф. Др. Зарлык МАЙМЕКОВ**

**БИШКЕК 2010**

**KIRGIZİSTAN – TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ**

**FEN BİLİMLER ENSTİTÜSÜ MÜDÜRLÜĞÜNE**

.......................................................................................................................

Çevre Mühendisliği Bilim Dalı'nda 0751Y02004 numaralı Canarbek İzakov'in hazırladığı 'ÇÜY VADİSİNİN DOĞU BÖLGESİNDEKİ YERALTI SULARININ KORUNUM DERECESİNİN TAYİNİ VE ÇEVRESEL DEĞERLENDİRİLMESİ konulu Yüksek Lisans ile ilgili tez savunma sınavı ........./........./2010 yılı günü .................. saatleri arasında yapılmış, sorulan sorulara alınan cevaplar sonunda adayın tezinin .............................(başarılı / başarısız) olduğuna ............................ .............................. (oy birliği / oy çokluğu) ile karar verilmiştir.

Üye (Tez Danışmanı) Üye

Üye Üye

Üye

...../...../ 2010

**ЧЕЧИМ**

Кыргыз-Түрк Манас университетинин Табигый илимдер институтунун экзамендик инструкциясынын ……….. жобосун,………….№ жыйынында уюшулган комиссия, Экологиялык инженерия бөлүмүнүн магистранты Жанарбек Изаковв «Чүй ойдуңунун чыгыш жагындагы кыртыш сууларынын корголуу даражасын аныктоо жана экологиялык баалоо» темасында жазган дипломдук проектин анализдеп, …../…../2010 ж. саат ……..дө жактоого кабыл алды.

Магистрант ……..минута убакыт ичинде дипломдук проектин жактап, комиссия……………….(*көпчүлүк добуш менен/бир добуштан)……………..* *(Кабыл алынбайт/ Кабыл алынсын /Кайра оңдолсун)* деген чечим чыгарды.

Жюри төрагасы

Жюри мүчөсү Жюри мүчөсү

Жюри мүчөсү Жюри мүчөсү

……./……./2010

# ÖZ

Yazar/Даярдаган : Canarbek İzakov / Жанарбек Изаков
Üniversite/Университет : Kırgızistan –Türkiye Manas Üniversitesi
Anabilim Dalı/ : Çevre Mühendisliği/Экологиялык инженерия
Bilim Dalı/ Багыты : Çevre Mühensidliği/Экологиялык инженерия
Tezin Niteliği / Иштин сапаты : Yüksek Lsans Tezi/Магистрдик Диссертация
Sayfa Sayısı / Беттердин саны : XIII + 44
Mezuniyet Tarihi / Бүтүрүү датасы : …../…../20….
Tez Danışmanı / Илимий жетекчи : Prof. Dr. Zarlık Maymekov / Проф. Др Зарлык Маймеков

## ÇÜY VADİSİNİN DOĞU BÖLGESİNDEKİ YERALTI SULARININ KORUNUM DERECESİNİN TAYİNİ VE ÇEVRESEL DEĞERLENDİRİLMESİ


**Öz**

Kırgızistan'da içme sularının temel kaynağı yer altı sularıdır. Yer altı sularının kalitesi bölgenin sağlık güvenliğini sağlar. Yer altı sularının kirlenmesi yer üzerindeki faaliyetlere bağlıdır. Son günlerde yer üzeri rasyonelsiz kullanılmakta. Evler gecekondu kuruluyor, kanalizasyon döşelmiyor. Sanayi kuruluşları atık suların temizlemeden atıyorlar. Katı atıklar istenildiği yere atılmakta, yağmur suları atıkların bünyesindeki maddeleri yıkayarak yeraltına sızar. Böyle bir görüşleri oldurtmamak için bilgiler edinebilir olması gerekir, yani internet kaynaklarında olması gerekir. Onu yapmak için bilgiler sadece sayısallaştırılması gerekir.

Bu çalışmada Çüy vadisindeki kuyular haritası sayısallaştırılmıştır ve yer kuyuların koordinatları belirlenmiştir. Çüy vadisinin yeraltı sularının doğal korunma derecesi özellikle dağlık bölgeler için geliştirilen yöntem ile hesaplanmıştır. Dağlık bölgelerde sızma olduğu gibi kesinlikle dikey değil, yamaça bağlıdır. Yer altı sularının korunması yer altı suların seviyesi ile zemin seviyesi arasındaki kaya kalınlığına ve tipine doğrudan bağımlıdır. Kayaçların türüne ve kalınlığına bağıl olarak puan hesaplanmıştır. Ve bu puanlarla güvenlik derecesi belirlenmiştir.



**Anahtar Sözcükler:** Yeraltı suyu, haritalama, filtrasyon katsayısı, yeraltı sulara zarar, yeraltı sularin korunması

## ENVIRONMENTAL ASSESSMENT AND DETERMINATION OF THE PROTECTION RATE OF GROUNDWATERS IN EASTERN PART OF CHUY VALLEY

**Abstract**

In Kyrgyzstan, the underground water are the main source of fresh water. And the quality of groundwater depends on the security of life in the region. Groundwater pollution caused by activities on the surface. Recently, the surface used irrationally. Houses are being built anywhere, they do not drain. Many companies in an attempt to reduce production costs, not updating their wastewater treatment facilities of wastewater, do not change for long time filters. Rubbish waddle in different places where rain water wash out toxic substances. For such violations was not necessary to make available all available information, that is should be available in the Internet resources. To do this, digitize the information.

In this work was digitized map of groundwater wells in the Chuy valley and placed coordinate binding wells. Natural protection of groundwater of Chuy valley was determined by a technique developed specifically for mountain regions. As in mountain regions infiltration is not strictly vertical, it depends on the slope. Ground water protection in direct dependence on the type and thickness of rock below ground level. By type and thickness of rock was calculated points. And on this score determined the degree of security

**Key words**: groundwater, mapping, filtration coefficient, groundwater's damage, protection of groundwater

# ЧҮЙ ОЙДУҢУНУН ЧЫГЫШ ЖАГЫНДАГЫ КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН КОРГОЛУУ ДАРАЖАСЫН АНЫКТОО ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

**Кыскача мазмуну**

Кыргызстанда жер астындагы суулар ичме суу менен камсыздоонун негизги булагы болуп эсептелет. Жер астындагы суулардын тазалыгы региондун ден соолук коопсуздугун камсыздайт. Жер астындагы суулардын кирделиши жер үстүндөгү ишмердүүлүктөн көз каранды. Акыркы күндөрү жер үстү аянттары рационалсыз колдонулуп келүүдө. Үйлөр салынбашы керек болгон жерде салынып, аларга канализация келтирилбейт. Ишкана тапкан акчасын сарамжалдоо менен агынды сууларын тазалабастан жерге төгүшөт. Таштандылар ой келди жерлерге төгүлөт, жаан чачында андагы заттар сууга ээрип жер асты сууларына кошулушу мүмкүн. Ошол үчүн мындай көрүнүштөр болбош үчүн маалыматтар жеткиликтүү болуш керек, башкача айтканда интернет булактарында болуш керек. Анын бирден бир жолу маалыматтарды санариптештирүү.

Бул иште дагы Чүй ойдуңунда жайгашкан суу бургулоолордун картасы санариптештирилди жана аларга координаттык байланыш жүргүзүлдү. Чүй ойдуңунун чыгыш жагындагы жер астындагы суулардын табигый корголушу атайын тоолуу райондорго түзүлгөн жаңы ыкма менен аныкталды. Анткени тоо аймактарында суу түз сарыкбастан, жантайууга жараша да белгилүү бир бурч менен сарыгат Жер астындагы суулардын корголуусу алардын деңгээлине чейинки тектердин калыңдыгынан жана түрүнөн көз каранды. Ушул калыңдыгы менен түрүнө жараша атайын упайлар эсептелинди. Упайларга жараша корголуу даражасы аныкталды.

**Негизги сөздөр**: жер астындагы суулар, картографирлөө, сарыгуу коэффициенти, жер астындагы сууларга келген зыяндуулук, жер астындагы суулардын корголушу

# ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ОЦЕНКА И ОПРЕДЕЛЕНИЕ СТЕПЕНИ ЗАЩИЩЕННОСТИ ПОДЗЕМНЫХ ВОД ВОСТОЧНОЙ ЧАСТИ ЧУЙСКОЙ ДОЛИНЫ

**Абстракт**

В Кыргызстане подземные воды являются основным источником пресной воды. И от качества подземных вод зависит безопасность жизнедеятельности региона. Загрязнение подземных вод обусловлена деятельностью на поверхности. В последнее время поверхность используется нерационально. Дома строятся где попало, к ним не проводится канализация. Многие предприятия в попытке уменьшить издержки производства, не модернизируют свои очистные сооружения сточных вод, не меняют подолгу фильтры. Мусор вываливается в разных местах, где дождевые воды смывают токсичные вещества. Чтобы таких нарушений не было надо сделать доступным все имеющиеся информации, то есть должно быть доступно в интернет ресурсах. Для этого надо оцифровывать имеющуюся информацию.

В этой работе оцифрована карта скважин подземных вод в Чуйской впадине и проведена координатная привязка скважин. Естественная защищенность подземных вод Чуйской впадины была определена по методике, разработанной специально для горных регионов. Так как в горных регионах инфильтрация идет не строго вертикально, она зависит и от уклона. Защищенность подземных вод в прямой зависимости от типа и толщины породы до уровня подземных вод. По типу и толщине породы вычислены баллы. И по этим баллам определена степень защищенности.

**Ключевые слова**: подземные воды, картографирование, коэффициент фильтрации, ущерб подземным водам, защищенность подземных вод.

| | Бет |
|---|---|
| ЧЕЧИМ БАРАКТАРЫ | III-IV |
| ÖZ | VI |
| ABSTRACT | VII |
| КЫСКАЧА МАЗМУНУ | VIII |
| АБСТРАКТ | IX |
| МАЗМУНУ | X |
| ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕСИ | XI |
| СҮРӨТТӨР ТИЗМЕСИ | XII |
| КИРИШ СӨЗ | 1 |
| 1. ТААНЫШТЫРУУ БӨЛҮМҮ | 4 |
| 1.1. Чүй ойдуңунун жалпы мүнөздөмөсү жана геологиялык түзүлүшү | 4 |
| 1.2. Чүй ойдуңунун жер астындагы суулары | 7 |
| 1.3. Географиялык Маалымат Системдери | 9 |
| 2. МЕТОД | 14 |
| 2.1. Жер астындагы суулардын корголуу даражасын аныктоо методу | 14 |
| 2.2. Жер астындагы суулардын кирдешинен келип чыккан зыяндуулук боюнча экологиялык-экономикалык баалоо | 18 |
| 3. БААЛООЛОР | 21 |
| 3.1. Суу бургулоолордогу суулардын корголуу даражасын аныктоо жана картасын түзүү | |
| 3.2. Суу бургулоого келтирилген зыяндуулукту эсептөө | 26 |
| 4. ЖЫЙЫНТЫК | 28 |
| 5. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ | 29 |
| 6. АДАБИЯТТАР | 30 |
| 7. ТИРКЕМЕЛЕР | 33 |

**ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕСИ**


| № | Таблицанын аталышы | Бет |
|---|---|---|
| Таблица 1. | Начар өткөрүүчү катмарлардын сарыгуу коэффициенттери | 15 |
| Таблица 2. | Жер астындагы суулардын корголуу даражалары | 17 |
| Таблица 3. | Ссуга кошулган кээ бир заттардын чектүү деңгээлдеги концентрациясы менен агрессивдүүлүк коэфициенттеринин байланышы | 19 |
| Таблица 4. | Бешеке суу алуу аянтындагы суу бургулоолор берилиштери | 21 |
| Таблица 5. | Чыгыш-Чүй суу алуу аянтындагы суу бургулоолор берилиштери | 25 |
| Таблица 6. | Орловка-Чолок арасындагы суу бургулолор берилиштери | 24 |
| Таблица 7. | Зыяндуулук боюнча эсептөөлөр | 26 |

**СҮРӨТТӨР ТИЗМЕСИ**


| № | Сүрөт аталышы | Бет |
|---|---|---|
| Сүрөт 1 | Чүй өрөөнү | 4 |
| Сүрөт 2. | Жер астындагы сууга чейинки жалпы профиль | 16 |
| Сүрөт 3 | Бешеке суу алуу аянты | 21 |
| Сүрөт 4 | Чыгыш-Чүй суу алуу аянты | 22 |
| Сүрөт 5. | Орловка-Чолок арасы суу бургулоолор | 24 |
| Сүрөт 6. | Корголуу даражасы боюнча тематикалык карта жана белгилер түшүндүрмөсү | 25 |

**КИРИШ СӨЗ**

Ичме суулардын негизги булагынын бири - жер астындагы суулар болгондуктан, алардын корголуусу боюнча изилдөөлөр жүрүп туруш керек. Жер асты суулараныныи кирделиши аз убакыт ичинде таасири билинбеген кирделүүлөргө кирет. Анткени жер астындагы сууларга кир заттардын жетиши көп убакыттарды алышы мүмкүн. Жана азыркы кирдетүүнүн кесепети 10 – 15 жылдан кийин көрүнөт. Жер асты суулары Чүй ойдуңунда жайгашкан калктын негизги ичме суу булагы болгондугу үчүн анын тазалыгын сактоо эң приоритеттүү маселе. Жер асты сууларынын тазалыгына көптөгөн факторлор таасир этет. Биринчиден ал суулардын табигый корголуусу эсепке алынат.

Акыркы күндөрү маалыматты жайууда санариптик жолдор колдонулууда, китепканаларда отуруп маалымат издөөнүн ордуна, иш ордунда отуруп эле каалаган маалыматын таап колдонот. Бирок буга чейин топтолгон маалымат кагаз түрүндө кана жана анын баарын санариптеш керек. Санариптештирүүнүн негизги жолу бул сканирлөө жана текст терүү. Ушул убакытка чейинки изилдөөнүн баары, азыркы тез изилдөөлөргө карабай маанилүү. Азыркы учурда техника жана технология өнүккөн кезде, буга чейин айлап, жылдап аткарган ишти апталарда кана бүтүрүп койсо болот. Буга негизги жардамчылардан дагы бири маалыматка тез арада жана керек болгон учурда жетишүү.

Гидрогеологиялык изилдөөлөрдө, анын ичинде экологиялык маселелерде колдонулган карталарды санариптештирүү жана андагы объекттерге координаттык байланыш жүргүзүү приоритеттүү иштерден бири. Анткени маалымат системалары Кыргызстанда таралып жатканына аз эле болду жана санариптешкен маалымат аз. Бул ишимде Кыргызстандагы Чүй ойдуңунун чыгыш жагындагы кыртыш сууларына казылган суу бургулоолор картасы санариптелинет жана суу бургулоолорго координаттык байланыш жүргүзүлөт. Жер астындагы суулардын табигый корголуу даражасын эсептөө тоолуу региондор үчүн даярдалган формула менен эсептелет. Жана корголуу даражасы боюнча тематикалык карта түзүлөт.

Жасала турган иштер

1. Жер астындагы суулардын корголуу даражасын аныктоо ыкмасын талдоо, тандоо жана аны негиздөө;
2. Чүй ойдуңунун чыгыш жагындагы кыртыш сууларынын корголуу даражасын аныктоо үчүн керектүү маалыматтардын булактарын табуу;
3. Чүй ойдуңунун чыгыш жагындагы керектүү суу бургулоолордун жана жер кыртыштарынын түзүлүшү жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана аларды талдоо;
4. Чогулган маалыматтарды картага түшүрүү жана суу бургулоолордун координаттарын аныктоо;
5. Ар-бир суу бургулоолору боюнча жер астындагы суулардын корголуу даражасын аныктоо;
6. Бирдей корголуу даражадагы чекиттерди таап, изосызыктарды жүргүзүү;
7. Түзүлгөн картаны талдоо жана ага мүнөздөмө берүү.

Техногендик таасир жер астындагы суулардын сапатынын өзгөрүлүшүнө алып келет. Көбүнчө минералдашуу, шордуулуктун жогорулашы, токсикалык микроэлементтердин пайда болушу, микробиологиялык көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшү эсебинен химиялык курамынын өзгөрүлүшүнө.

Чүйдө жер астындагы сууларды азайуудан жана кирдөөдөн коргоонун негизги маселеси бул адамдын чарбалык ишмердүүлүгүнөн начарлашы. Ал эми сандык мааниде изилденген жана бекитилген жер астындагы ичме суулар бүгүнкү жана келечектеги сууга болгон муктаждыкты камсыз кылганга жетет.

Көп жылдан берки изилдөөлөр көрсөтүп жаткандай жер астындагы суулардын кирдөөсүнүн негизги булактары булар өнөр жайы жана инфрастуктурасы өнүккөн чоң шаарлар, кең иштетүүчү жана байытуучу өнөр жай ишканалары, айдоо аянттары, мал чарбачылык жерлери. Жер астындагы суулардын сапатына зыян келтиргендер төмөнкүлөр: өнөр жай ишканаларынын агынды сууларынын агышы, шаардык жана регионалдык канализациясынын бузулушу, өнөр жай аянттарында токсикалык таштандылардын, технологияда колдонула турган химикаттардын, муңай азыктарынын туура эмес сакталышы. Көбүнчө өнөр жай объектилери жана башка жер астындагы сууларды кирдетүүчү булактар шаардык жана конуштук суу алуулардын санитардык коргоо зоналарында жайгашышкан, жана жерлерге

дайыма эле жер астындагы сууларды коргоо чаралары жок курулуш жүргүзүлөт. Негизги коркунуч өнөр жай курулуштарынын табигый корголуу даражасы төмөн болгон, жер астындагы суулардын толукталуу зонасында жайгашуулары. Бул зоналарда сарыгуу коэффициенти жогору болот, жер астындагы сууларга кирдетүүчү заттар түз барып кошулат. Жер астындагы сууларды коргоо демек бул табигый начар корголгон жерлерге агынды сууну жана топуракты кирдетүүүчү заттарды бөлүп чыгаруучу объекттерди курбоо керек.

Акыркы жылдары Чүй өрөөнүндөгү өндүрүш мекемелердин бөлүгү иштебей турганына карабай жер астындагы суулар кирдөөгө дуушар болууда.

Азыркы күндө кирдөөнүн түрүнө карата жер асты суулардын кирдөөсүнөн келген зыяндуулукту эсептөө иштелип чыга элек. Жер астындагы суулар жер үстүндөгү суулар менен тыгыз байланышта болгон үчүн жер үстүндөгү суу объекттерине иштетилип чыккан эсептер колдонулат.

1. **ТААНЫШТЫРУУ БӨЛҮМҮ**

**1.1. Чүй ойдуңунун жалпы мүнөздөмөсү жана геологиялык түзүлүшү.**




Сүрөт 1. Чүй өрөөнү

Чүй ойдуңу — Чүй дарыясынын алабын камтыйт, Ала Тоо менен Чүй-Или тоолорунун арасында жайгашат, Боом капчыгайынан Муюнкум кумдарынын чыгыш жагына чейин созулат. Чыгыш жагы Кыргызстандын аймагында, калганы Казакстандын аймагында. Чыгыштан батышка узатасы 250 км, ал эми түндүктөн батышка узатасы түштүк чыгышында 10-15 км жана түндүк батышында 100 км тегерегинде. Кыргызстанга тиешелүү тарабынын жалпы аянты 20,3 миң квадрат метрди түзөт. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 550—1300 м. [5, 9, 12, 22, 23, 24]

Чүй ойдуңу өрөөндүк-тоотушундагы аймакка (500-600 м-900-1200 м арасы) кирет. Климаты континенталдык, жай мезгилинде ысык жана кургак, кышында болсо анча суук эмес жана каар аз жаайт. Жайында орточо жылуулук 20 - 25° түзөт, кышында болсо - 4 - 7° суук болот. Эң жогорку температура 44° жетиши мүмкүн. Кышында болсо -22 -30° жетиши мүмкүн. Тиркеме 1 де Чүй

ойдуңунун 2001-2006 жылдык орточо температуралары берилген. 2001-2006 жылдарында өлчөө чекиттериндеги орточо жылдык жаан-чачын көлөмдөрү тиркеме 2 берилген. Орточо жылдык күндүн тийиши 2500 - 2700 сааттын тегерегинде. [9, 12]

Рельефтин негизги түзүлүшү өтөө байыркы мезо-кайнозойдук катмардын үстүнөн чейректик убакытта борпоң жана начар катыган көп өлчөмдөгү чөкмөлөрдүн эсебинен калыптанган. Орогендик циклдин башталышынан бул ойдуңдар тектоникалык ойдуң болуп жана тоо тектердин бузулушунан пайда болгон бөлүкчөлөрү топтолгон. Ажыроо тереңдиги 5—10 м, кээде 20—50 м. Бул комплексте тоо тараптан жаңтайуусу бар тегиздиктерди түзгөн тектердин бузулуу конустары түзүлгөн. Дарыялардын бир нече терасстары бар, ар бири тоңуунун чейректик тарыхынын бир табына жана дарыялардын суулугуна түз таасир эткен климаттык шарттарынын термелүүсүнө туура келет. Неотектоникалык кыймылдардын эсебинен тоолор арасы ойдуңдар жана тоолор пайда болгон. Тоолор болсо протерозойдук жана палеозойдук тектерден түзүлгөн, тектоникалык кыймылдардан көптөгөн жаракалары бар. [5]

Топурактын негизги бөлүгү азкарбонаттуу боз: ачык жана коюу, жана кызыл топурактардан турат. Ачык боз топурактар лёссымал кумдуу чополордо түзүлгөн. 5-10 м тереңдикте кыртыш суулары жайгашкан. Сугарылган жерлерде кыртыш сууларынын деңгээли көтөрүлүп топурактын шордуулугу көтөрүлөт. Механикалык курамы чопо жана кумдуу чопо. Гумустун кармалышы 1,7%. Топурактын профили толугу менен карбонаттуу. Бул топурактар арык келишет. Ал эми коюу боз топурактар чоң өлчөмдөгү кумдуу чополордо жана чополордо түзүлгөн жана ар кандай терендиктерде шагылга өтөт. Топурактын механикалык түзүлүшү майда таштан жана чаңдардан түзүлгөн кумдуу чополор. Үстүнкү горизонтто гумустун кармалышы 1,5—2,5% түзөт. CO2 кармалышы боюнча бул топурактар азкарбонаттуга кирет. Кыртыш сууларынын деңгээли жогору болгондуктан, көбүнчө жерлер саздашкан. [5]

Орточо бийиктиктеги тоо арасы өрөөндөрдө кызыл, бозкүрөң жана кара топурактар кездешет. Чүйдө 1200-1500 бийиктикте ачык кызыл топурак кездешет. Климаты континенталдык, жаан-чачын жылына 300—400 мм жакын. Топурак түзүүчү тектер лювиалдык-делювиалдык, майда таш калдыктар,

лёссымал кумдуу чопо. Топурактын механикалык курамы орто жана оор кумдуу чополор. Ачык кызыл топурактардын корбонатсыз жана катуу карбонатташкандары бар. Топурак чалащелочтуу жана щелочтуу (рН-7,2—8,6). Үстүнкү катмарда гумустун кармалышы 2—3%. Азык элементтери аз болгону менен айыл чарба иштеринде колдонулат. Коюу кызыл топурактар 1300-2700 м бийиктикте кездшет. Бул зонада жаан чачын жылына 400-450 мм түзөт. Бул топурактардын гумустук катмары калыңыраак болот. Карбонаттар жок же өтө аз өлчөмдө кездешет. Механикалык курамы орточо жана оор кумдуу чопо. Гумустун кармалышы 6,2 % жана фосфор, азот жогорку өлчөмдө. Чүйдө бийиктик көтөрүлүшү жана гидротермикалык шарттар өзгөрүлүшү менен боз жана кызыл топурактар ортогумустук кара топурактарга өтөт. Карагай токойлорунда боз топурактар. Арча жана жаңгак мөмөлүк токойлорунда күрөң токой топурагы. Дагы бийик жерлерде тоотегиздик жана тоо чым топурактары. [5]

Чүй областында 763,9 миң адам жашайт жана квадраттык километрге 40,5 адам туура келет. Чүй ойдуңунда көптөгөн өндүрүштүк ишканалар жайгашкан, жердин көп бөлүгү айдоо аянтарына колдонулат. [9,22]

### 1.2. Чүй ойдуңунун жер астындагы суулары

Жер жүзүндө таза суулардын көп бөлүгү жер астында жайгашкан жана көп эле өлкөдө ичме суу булагы катары колдонулат. Жер астындагы суулар табигый шарттарда жана рационалдык колдонууда жаңыланып туруучу жер байлыктарына кирет. Жер астындагы суулар айлана чөйрө менен тыгыз аракеттенип татаал динамикалык системаларды түзүшөт. Жер астындагы суулардын үстүнкү деңгээли бир нече метрден жүздөгөн метрлерге чейин жетиши мүмкүн. Ичме суулары бийик толордон пайда болуп, жер асты агымдар аркылуу ылдый түшүшөт жана тоо арасындагы борпоң тектерде чогулуп суу жатактарын түзүшөт. Жана дагы жер үстүндөгү суулардын ылдый сарыгуусунан толукталат. [2, 3, 4, 33]

Толугу менен каныккан пояста суу алмашуу ылдамдыгы боюнча жана химиялык курамы боюнча жер асты сууларынын үч зонасы аныкталган [2, 8,]:

- интенсивдүү суу алмашуу зонасы - химиялык таза суу менен, суу алмашуу ылдамдыгы жылдар, миң жылдар менен эсептелет, ылдыйкы чеги 300-500 м тегерегинде.
- жай суу алмашуу зонасы - мала туздуу жана туздуу суулар менен, суу алмашуу ылдамдыгы 10, 100, 1000 млн жылдар менен эсептелет, суу топтоо тереңдиги жана кубаттулугу ар кандай жана геологиялык тарыхынан көз каранды.
- өтө жай суу алмашуу зонасы - өтө туздуу жана туздуу суулар менен, суу алмашуу 100 млн жылдар, тереңдиги 700 м, кубаттулугу абдан чоң.

Эң туссуз жер асты суусу бийик тоо булактарында кезигет. Буларда туздун кармалышы 0,1 мг/л ылдый. Ал эми түздүктөрдүн астында жайгашкан булактарда туздар менен суу бирдей көлөмдө болушат. Жер асты сууларынын химиялык курамын көп кармалган иондор менен аныктайт (кальций гидрокарбонаттык, натрий хлориддик ж.б.). жер асты сууларынын минералдуулук даражасы химиялык курамынан көз карандылыкта болот. [33]

Чүй алабынын сол жагы төрт геофильтрациондук зонага бөлүнөт: жер асты суусларанын толукталуу зонасы, сыртка чыгуу же анча терең эмес жайгашуу зонасы, жер астындагы суулардын транзити зонасы жана Чүй дарыясынын сарыгуу зонасы. [25]

Меридионалдык багытта Чүй алабында жер астыдагы суулардын тогуз агымы белгиленет. Сегиз агымды тоо этегиндеги агымдар бирдик тобуна бириктирип койсо болот, ал эми тогузчу агымды Чүй дарыясынын террасталган ойдуңунда түзүлгөн. [25]

Чүй ойдуңунун чегинде, жер астындагы суулардын режими жана балансы көп жылдан берки изилдөөлөргө таянып үч суубаланстык бөлүктөргө бөлүнөт (батыштык, борбордук жана чыгыштык). Жер асты суулары атайын көзөмөлдүк же суу алуу максатында казылган суубургулоолор аркылуу жана булактардан изилденет. [25].

Бөлүнгөн ар бир геофильтрациондук зоналарда кыртыш сууларынын режиминин түзүлүш процесси ар кандай. Жер асты сууларанын толукталуу зонасында жаан чачынга каранды сугаруу - гидрогеологиялык режим; сыртка чыгуу же анча терең эмес жайгашуу зонасында мезгилдик – буулануу - сугаруу режим; жер астындагы суулардын транзити зонасында мезгилдик – мелиоративдик (сугаруу) режим; Чүй дарыясынын сарыгуу зонасында жаан чачынга каранды мезгилдик – буулануу – гидрогеологиялык режим. [25]

Суу чогултуучу алаптардын чектери гидрографикалык системдердин чектери менен туура келет. Топурактарды нымдап саздарды түзүшөт. Чүй ойдуңунун көп бөлүгү саздуу жерлерге кирет. Чүй ойдуңунда жер асты суулардын Чүй ойдуңунун жер астындагы сууларынын режим түзүүчү факторлору: климатикалык, гидрогеологиялык, гидрологиялык жана суугаттык. Чүй ойдуңугундагы жайгашкан шаарлар жана айылдар үчүн ичме жана суугат суулар суубургулоолорунан алынат. Азыркы учурда жер астындагы суу ресурстарынын 5-15% колдонулат.

Чүй ойдуңунда жер асты суулардын божомол запасы 66,5 $м^3$/сек, коммуналдык жана өнөр жай ишканалар - 15,2 $м^3$/сек жана айыл чарба - 18,5 $м^3$/сек колдонот.[ 7 ].

## 1.3. Географиялык Маалымат Системдери (ГМС) жана алардын экологиялык изилдөөлөрдө колдонулушу

Азыркы күндөргө чейин жердин көбүнчө бөлүгү эски ыкмалар менен изилденген. Азыр бир чечим чыгарыш үчүн мурункудай көп убакытты ээлеген, кооптуу жана көп ресурстарды талап кылган талаалык изилдөөлөрдүн оордуна компьютердик карталар жана статистик берилиштер колдонулууда. Бул инструменттер изилдөөлөрдө көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бүгүнкү күндө картада жер бетинде көрүнгөндөн башка көптөгөн маалыматты көрсөтсө болот. Жана өткөндө оор жана мүмкүн эмес болуп эсептелген маселелерди чечүүгө жолдор ачылууда. Изилденүүчү объекттин турган жери кана эмес, анын ал жерде турганы эмнеге кандай таасир тийгизет жана айлана чөйрөсүнөн кандай таасирленерин билсе болот. Жана дагы келечекте кандай натыйжалар келип чыгышы мүмкүн экенин модельдерди түзүп прогноздоого оңой жолдор түзүлүүдө. Бул прогноздоолор келечекке пландарды түзүүгө жана адамдын жаратылыш менен зыянсыз мамиле түзүүгө өбөлгө түзөт.

Маалыматташуу бүгүнкү күндө жашоонун ар бир тармагында кеңири колдонулууда. Жер жөнүндөгү илимдерде маалымат технологияларынын жардамы менен геоиформатика жана географиялык маалымат системдери иштетилип чыкты.

Географиялык маалыматтар системасы (ГМС) бул мейкиндик берилиштерин чогултуу, сактоо, талдоо жана графиктик визуалдаштыруу. Санариптик карталарды түзүүгө, анализдөөгө, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана колдонууга мүмукүнчүлүк берген инструменттер, жана объекттер жөнүндө кошумча маалыматтарды билгенге (имарат бийиктигин, адресин ж.б.). [15, 27, 28]

ГМС берилиштер базасы менен иштөө, растрдык жана вектордук графика редакторлорунун жана аналитикалык каражаттар мүмукүнчүлүктөрү бар. ГМС картографияда, геологияда, метеорологияда, экологияда, экономикада, транспорт, башкарууда, социалдык иштерде ж. б. колдонулат.

ГМС төмөнкүчө бөлсө болот: глобалдык ГМС, субконтиненталдык ГМС, улуттук же мамлекеттик ГМС, регионалдык ГМС, субрегионалдык ГМС жана локалдык ГМС.

ГМС маалыматтык моделдөөдө изилдөө объектилери менен бөлүнөт. Шаардык ГМС же муниципадык ГМС, айлана чөйрөнү коргоо ГМС жана б.у.с; булардын ичинен кеңири жердик маалымат системалары колдонулат. ГМС чечилүүчү маселеге жараша да бөлүнөт, алардын ичинен ресурстардын инвентаризациясы (кадастр), анализ, баалоо, мониторинг, башкаруу жана пландоо, кабыл алынган чечимдерди тастыктоо.

ГМС түзүлүшү. [15]

1. Берилиштер же мейкиндик берилиштер:

Географиялык – объекттин жер үстүндөгү жайгашкан жери.

Атрибутивдик – объекттин сүрөттөмөсү.

2. Аппараттык жабдык: компьютер, сканер ж.б.
3. Программдык камсыздоо: растр же вектор редакторлору, берилиштер базасын түзүүчү программалар, ArcGis, GeoMedia, MapInfo.
4. Технологиялар: ыкмалар, аткаруу иштери ж.б.

ГМС иштеши

ГМС айлана чөйрө жөнүндө маалыматты географиялык жайгашуусу боюнча бириккен тематикалык катмарлар жыйнагында сактайт. Бул түрдө сакталышы ар кандай маселелерди чечүүдө баалуулугун жана ийкемдүүлүгүн көрсөтүүдө, мисалы үчүн унаалардын жана ташуу иштеринин кыймылын көзөмөлдөө үчүн, атмосферанын глобалдык кыймылын моделдөө ж.б. [15]

Ар кыл географиялык маалымат мейкиндиктеги жайгашуу (географиялык же башка координаттарда байланыштырылган) жөнүндө берилиштерди алып жүрөт. Же даректерине, почта индексине, шайлоо же калкты катто округуна, жер же токой бөлүкчөсү идентификаторуна, көчөлөрдүн атына ж.б.у.с. жолдомолорду алып жүрөт. Бул жолдомолорду колдонууда объекттердин жайгашуусун автоматтуу түрдө аныкташ үчүн геокоддирлөө иши жасалат. Геокоддирлөнүн жардамы менен картадан кызыктырган объекттин же кубулуштун жайгашкан жерин тез эле аныктап жана көрсө болот. Мисал үчүн

керектүү болгон мекеменин же адамдын адресин билиш үчүн, жертитирөө же көчкү болгон жерди ж.б. [28]

ГМС эки бири биринен көп айырмаланган берилиштер түрү менен иштейт: вектордук жана растрдык. Вектордук модельде чекит, сызык жана полигондор X, У координаттардын жыйнагы түрүндө коддолот жана сакталат. Вектордук модель туруктуу объекттерди сүрөттөдө ыңгайлуу. Ал эми өзгөрмөлүү сапаттарды сүрөттөөдө растрдык модель колдонулат. Растрдык сүрөттө бул өзүнчө майда бөлүкчөлөр үчүн маанилер жыйнагын кармаган файл, б.а. сканерленген сүрөт же карта. Учурдагы ГМС экөө менен тең иштей берет.

Жалпы колдонуудагы ГМС берилиштер менен беш процедура жүргүзөт: киргизүү, манипуляция, башкаруу, кайрылуу жана анализ, визуалдаштыруу.

*Киргизүү.* ГМС колдонуу үчүн берилиштер керектүү санариптик форматка өзгөртүлүшү керек. Кагаз карталардан компьютердик файлга өткөзүү санариптештирүү деп аталат. Учурдагы ГМС те бул процесс сканердик технология колдонуу менен автоматташтырса болот. Азыркы убакытта көптөгөн берилиштер ГМС программалары менен кабыл алына турган түргө келтирилген.

*Манипуляция.* Ар бир конкреттүү проект үчүн колдогу берилиштерди кичине өзгөрүүлөрдү киргизиш керек болуп калат. Мисал үчүн географиялык маалыматтар ар кандай мастштабда болуп калышы мүмкүн. Мындай маалыматтар менен бир проекте иштөөдө жана көрсөтүүдө баарын бирдей масштабга келтириш керек. ГМС технологияларда мейкиндик берилиштер менен манипуляция кылуунун жана керектүү берилиштерге кайрылуу үчүн көптөгон ыкмалар бар.

*Башкаруу.* Чоң эмес проекттерде географиялык маалымат жөнөкөй файлдар түрүндө сакталат. Ал эми чоң проекттерде маалымат көлөмү чоң болгондуктан жана колдонуучулар көп болсо, анда берилиштерди сактоо, структуралоо жана башкаруу үчүн берилиштер базасын башкаруу системин колдонуу эффективдүү болот, башкача айтканда интегрленген берилиштер топтору (берилиштер базасы) менен иштеген компьютердик каражаттар. ГМС

те берилиштер таблицалык түрдө сакталган байланыштык түзүлүш ыңгайлуу. Бул учурда таблицаларды байланыштырыш үчүн жалпы талаалар колдонулат.

*Кайрылуу жана анализ.* ГМС жана географиялык маалымат болгондо жөнөкөй суроолорго кана эмес, дагы кошумча анализ же кайрылуу талап кылган татаал суроолорго жооп тапса болот. Кайрылууну компьютердик картадагы объектке курсор менен келтирип кылса болот, же атайын аналитикалык каражаттар жардамы менен. ГМС жардамы менен издөөнүн шаблондорун аныктаса жана берсе болот, жана дагы "белгилүү бир шарттарда объект эмне болушу мүмкүн" деген модельдөө кылса болот. Учурдагы ГМС анализ кылуу үчүн атайын инструменттери бар, алардын ичинен жакындатуу анализи жана үстү үстүнө келтирүү анализи. Объекттерди бири бирине карата жакындык анализин кылуу үчүн буферизация процесси колдонулат. Бул процесстин жардамы менен бир байланыш түйүнүнөн бир километр аралыгында канча кардар жашайт ж.б.у.с. белгилесе жана билсе болот. Үстү үстүнө келтирүү процессинде ар кайсы тематикалык катмарларда жайгашкан берилиштерди бириктирүү жүргүзүлөт. Үстү үстүнө келтирүү процесси белгиленген жердин топурагы, жантайуусу өсүмдүк жөнүндө маалыматттарды жерге коюлган налогдун коюмдары менен бириктирсе болот.

*Визуалдаштыруу.* Мейкиндик иштердин жыйынтыгы катары берилиштерди карта же график түрүндө көрсөтүү эсептелет. Карта – мейкиндик байланышы болгон географиялык маалыматты сактоо, сунуу жана берүүдө эң эффективдүү жана информативдүү. ГМС картографирлөөнүн илимдик негиздерин кеңейткен жана өнүктүргөн жаңы инструменттерин сунууда. Булардын жардамы менен карталарды көрсөтүү отчеттук документтер, үчтегиздик сүрөттөр, графиктер, таблицалар жана сүрөттөр менен оңой эле толукталат.

Байланышкан технологиялар. ГМС маалыматтык системалардын бир нече башка түрлөрү менен тыгыз байланышта турат. Алар: үстөлдүк картографирлөө системи (desktop mapping), дистанциондук изилдөө (remote sensing), берилиштер базасы менен башкаруу системи (DBMS) жана глобалдык көрүү технологиясы (GPS).

Үстөлдүк картографирлөө системи берилиштерге кайрылууну уюштуруу үчүн карта көргөзмөсүн жүргүзөт. Бул системаларда баардыгы картага негизделген, карта берилиштер базасы болуп иштейт. Көбүнчө үстөлдүк картографирлөө системдери берилиштерди башкарууда, мейкиндик анализде жана туралоолордо мүмкүнчүлүгү чектелген.

Долбоорлук иштерди автоматизация системи (CAD), бул системалар долбоорлор жана имарат планын жана түзүлүшүн чертеждорун системдештирет. Бир жалпы түзүлүшкө бириктириш үчүн фиксирленген параметрлери менен компоненттер жыйнагын колдонот. Алар компоненттерди бириктирүү бир нече эрежелерине негизделген жана аналитикалык функциялары чектелген. Кээ бир ДИАС системдери берилиштерди картографиялык көрсөтүүнү алып бара алышат, бирок алардагы утилиттер чоң өлчөмдөгү мейкиндик берилиштердин базасы менен эффективдүү башкаралбайт жана анализ кыла албайт.

Дистанциондук изилдөө жана ГКТ**.** Дистанциондук изилдөө ыкмалары – бул жер бетин сенсорлорду колдонуу менен изилдөөлөрдү жүргүзүү, мисалга ар кандай камералар, глабалдык көрүү технологиясы (GPS) жана башка жабдыктар. Булар берилиштерди сүрөт түрүндө чогултушат жана алынган сүрөттөрдү иштеп чыгуу, анализ жана көрсөтүү мүмкунчүлүгүн камсыздап берет. Бирок булардын берилиштерди башкаруу жана анализ каражаттары чектелген.

Берилиштер базасын башкаруу системи берилиштердин баардык түрлөрүн, анын ичинде мейкиндик берилиштерин сактоого жана башкарууга колдонулат. Ошондуктан көбүнчө ГМС программдарында кеңири колдонулат. [15, 27, 28]

Экологияда ГМС колдонулушу көптөгөн экологиялык маселелерди чечүүгө жана модельдерди түзүүгө колдонулат: ландшафттык, суу корголуусу боюнча, температуранын термелүүлөрүнүн, кирдөөлөрдүн таралуусун көрсөткөн, жаныбарлардын миграциясы боюнча экологиялык карталарды түзүү жана райондоо.

## 2. МЕТОД

### 2.1. Жер астындагы суулардын корголуу даражасын аныктоо методу

Жер астындагы суулардын корголушу үч топ факторлор менен аныкталат [16, 21]:

1. Жаратылыштык:

-азыктануу аймактардын жайгашуусу, жайылуусу жана коротуму;

-кубаттуулугу, литология жана аэрация зонасындагы менен суу ташып жүргөн горизонттордогу тектердин фильтрациондук өзгөчөлүктөрү;

-климаттык факторлордон (жаан чачын, алардын интенсивдүүлүгү).

2. Техногендик:

-өндүрүштөн ыргытылган таштандылардын көлөмү;

-таштандылардын курамы;

-таштандыларды сактоо шарттары;

-таштанды суулардын буулануу аянттары (топтолуучу жайларда).

3. Физика-химиялык:

-кирдетүүчү заттардын спецификалык сапаттары: жок болуу убактысы, таралуу мүмкүнчүлүгү, химиялык туруктуулугу, жутулуп алынуусу.

Жер асты суулардын корголушун баалоодо биринчи ирээтте жаратылыштык факторлор изилденет. Негизинен табигый корголуунун сапаттык жана сандык баалоо жүргүзүлөт

Жер астындагы суулардын корголуу даражасын сапаттык баалоо үчүн упайлар колдонулат. Упайлар аэрация зонасынын жалпы калыңдыгы боюнча жана начар сарыктыруучу кыртыш катмарынын калыңдыгы боюнча аныкталат. Бул упайлар суммаланып жер асты суулардын корголуу категориясы аныкталат. Начар сарыктыруучу кыртыш катмарлары сарыгуу коэффициенттери боюнча үч литологиялык топко бөлүнүшөт:

a – чополуу кумдар, жеңил кумдуу чополор

b – кумдуу чополор

c – оор кумдуу чополор, чополор.

Таблица 1. Начар өткөрүүчү катмарлардын сарыгуу коэффициенттери

| Топ | Сарыгуу коэффициенти, $K_{сар}$, $м/сут$ |
|---|---|
| A | 0,1-0,01 |
| B | 0,01-0,001 |
| C | <0,001 |

Ал эми жер асты сууларынын корголуусунун сандык баалоосу суу ташыган горизонтко кир суунун жетүү убактысы боюнча жүргүзүлөт. Кир суунун сарыгуу убактысы Цункердин формуласы аркылуу эсептелет.

$$t=\frac{nH_0}{K}\left[\frac{m}{H_0}-\ln\left(1+\frac{m}{H_0}\right)\right]; \qquad (1)$$

бул жерде m – аэрация зонасынын калыңдыгы, м;

n – нымдын жетишсиздиги, бирдин бөлүктөрү;

$H_o$ – агынды суу сакталган жердеги терендиги, м;

К – сарыгуу коэффициенти, м/сут.

Аэрация зонасындагы тоотектер бир өңчөй болбогон жерлерде сарыгуу убактысы ар бир тоотек үчүн өзүнчө чыгарылат:

$$t = t1 + t2 \qquad (2)$$

$$t_1=\left\{\frac{n_1H_0}{K_1}\right\}\left[\frac{m_1}{H_0}-\ln\left(1-\frac{m_1}{H_0}\right)\right]; \qquad (3)$$

$$t_2=\frac{\left\{\frac{m_2}{H_0}-\left[1-m_1\left(\frac{K_2}{K_1}-1\right)\Big/H_0\right]\ln\left(1+\frac{m_2}{H_0+m_1}\right)\right\}n_2H_0}{K_2}; \qquad (4)$$

бул жерде m – аэрация зонасынын калыңдыгы, м;

n – нымдын жетишсиздиги, бирдин бөлүктөрү;

$H_o$ – агынды суу сакталган жердеги терендиги, м;

К – сарыгуу коэффициенти, м/сут;

n1, K1, m1 – начар өткөрүүчү катмардын көрсөткүчтөрү.

Эгерде агынды суу топтолбосо жана жаан чачын жууп келген кирдөөлөрдү эсептеш үчүн төмөнкү формула колдонулат:

$$t = \frac{mn}{\sqrt[3]{q^2 K}} \qquad (5)$$

бул жерде q =Q/F, м/сут

Тоолуу аймактар үчүн упай берүү системасы башкачараак болот, проф. Кожобаев К. А. сунуштаган ыкма боюнча эсептелинет. Начар өткөргүч катмарлар жана аэрация зонасынын калыңдыгы формула аркылуу акырындан өзгөртүлөт. Сарыгуу коэффициенттеринин бөлүнүшү да формула аркылуу акырындан өзгөртүлөт. Аэрация зонасынын калыңдыгы белгилүү бир калыңдык менен чектелбейт. [21]




Сүрөт 2. Жер астындагы сууга чейинки жалпы профиль

Бул ыкма боюнча упай эсептөөдө В. М. Гольдберг сунуштаган ыкмага төмөнкү өзгөрмөлөр киргизилет.

Сарыгуу коэффициентине негизделген упай берүү төмөнкү формула аркылуу эсептелет [21] :

$$У_{ск} = 0{,}033\ln(K_{сар}) + 1{,}1641, \qquad (6)$$

$У_{ск}$ -кыртыштын сарыгуу коэффициентине байланыштуу упай берүү;

$К_{сар}$ -сарыгуу коэффициенти, $м/сут$.

Аэрация алкагынын калыңдыгы менен байланыштуу упай берүү

$$Б_т = 0,1 \cdot m_{аа} + 0,5 \qquad (7)$$

$m_{аа}$ -аэрация зонасынын калыңдыгы, м

Жер астындагы сууларынын жалпы корголуу даражасы

$$У_{жалпы} = 0,033\ln(К_{сар}) \cdot [1 - 4 \cdot m_{нок}] + 0,61 \cdot m_{нок} + 0,10 \cdot m_{аа} + 2,32 \qquad (8)$$

$m_{НОК}$ -начар өткөрүүчү катмардын калыңдыгы, м

Упайлар суммасына карап жер астындагы сууларынын корголуусунун алты категориясы белгиленет (төмөнкү таблица 2.) [21].

Таблица 2. Жер астындагы суулардын корголуу даражалары

| Деңгээл | Упай | Корголуу даражасы |
|---|---|---|
| I | 0-10 | корголбогон |
| II | 11-20 | начар корголгон |
| III | 21-30 | орто коргонгон |
| IV | 31-40 | жакшы корголгон |
| V | 41-50 | абдан жакшы корголгон |
| VI | 51< | эң жакшы корголгон |

## 2.2. Жер астындагы суулардын кирдешинен келип чыккан зыяндуулук боюнча экологиялык-экономикалык баалоо [30,31]

Суу объекттерине келтирилген зыяндуулуктун өлчөмүн экономикалык баалоо жана эсептөө төмөнкү формула менен жүргүзүлөт:

$$У = \gamma \cdot \delta_К \cdot M \qquad (9)$$

$У$ - зыяндуулукту баалоо, $сом/жыл$

$\gamma$ - жергиликтүү өкмөт тарабынан бекитилген көбөйтүндүү, 560 $сом/шарттуутонна$

$\delta_К$ - ар бир суу объектилери үчүн ар кандай мааниси бар үчүн бирдиксиз туруктуу сан

$M$ - агынды суулардын ичиндеги заттардын бир жылдык келтирилген массасы $шарттуутонна/жыл$

Агынды суудагы кир заттардын бир жылдык келтирилген массасы төмөнкү формула менен аныкталат:

$$M = \sum_{i=1}^{n} A_i \cdot m_i \qquad (10)$$

$i$ - ыргытылган зат

$n$ - ыргытылган заттын жалпы саны

$A_i$ - салыштырмалуу агрессивдүүлүк коэффициенти

$m_i$ - ар бир кирдетүүчү заттын бир жылдык массасы

